KICB
KYRGYZ INVESTMENT
AND CREDIT BANK

# «Оңой которуулар – жаркын эс алуу!» акциясынын эрежелери

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Акциянын эрежелери (мындан ары жалпысынан «Эрежелер» деп аталган) Акцияны өткөрүү тартибин, ордун жана мөөнөтүн, Акциянын байгелеринин санын, аларды алуу мөөнөтүн, ордун жана тартибин аныктайт.
1.2. Акция ушул Эрежелерде камтылган айкын оферта шарттарында өткөрүлүүчү маркетингдик иш-чара болуп саналат.

## 2. Акциянын аталышы

2.1. Акциянын аталышы: «Оңой которуулар – жаркын эс алуу!».
2.2. Акциянын ураанына: «Көбүрөөк которуулар жеңишти жакындатат!».

## 3. Жалпы түшүнүктөр

3.1. **Акция** – «Кыргыз инвестициялык-кредит банкы» ЖАКда эл аралык которууну ал же жөнөт жана Түркияга сертификат утуп ал» кызыктыруучу иш-чарасы.
3.2. **Акциянын катышуучусу** – 2025-жылдын 1-августунан тартып 2025-жылдын 31-октябрына чейинки мезгилде которууну алган же жөнөткөн, ушул Эрежелердин 7-пунктунда белгиленген шарттарга туура келген жеке жак-резидент.
3.3. **Жеңүүчү** - ушул Эрежелердин 8-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте жеңүүчү деп таанылышы үчүн жетиштүү болгондой Акциянын шарттарын толук аткарган Акциянын катышуучусу.

## 4. Акциянын Уюштуруучусы жөнүндө маалымат

4.1. «Кыргыз инвестициялык-кредит банкы» ЖАК - коммерциялык банк (мындан ары – «Уюштуруучу»).
4.2. Ксыкартылган аталышы: «КИКБ» ЖАК.
4.3. Жайгашкан жеринин дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21 (Москва көч. менен кесилиш).

## 5. Байге фонду*

5.1. Орто аралык жыйынтыктардын байге фонду төмөнкү байгелерден турат:

| Локация | Орун | Байге |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 1-орун | Samsung Galaxy Watch |
| | 2-орун | 20 000 сом суммасында тиричилик техникасына белек сертификаты |
| | 3-орун | 10 000 сом суммасында СПАга/ресторанга/ден соолукту текшерүүгө сертификат |
| КР аймактары | 1-орун | Samsung A55 телефону |
| | 2-орун | 20 000 сом суммасында тиричилик техникасына белек сертификаты |

| | | |
|---|---|---|
| | 3-орун | 10 000 сом суммасында СПАга/ресторанга/ден соолукту текшерүүгө сертификат |

5.2. Финалда байге фонду төмөнкү байгелерден турат:

| **Локация** | **Башкы байге** |
|---|---|
| Бишкек шаары | 100 000 сом суммасында Түркияга сертификат |
| КР аймактары | 100 000 сом суммасында Түркияга сертификат |

*байгелердин наркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык салыктарды жана жыйымдарды камтыйт.

**6. Акциянын катышуучусу**

6.1. 16 жашка толгон, календардык айдын ичинде «Кыргыз инвестициялык-кредит банкы» ЖАКда жеткиликтүү болгон акча которуулар системасы аркылуу 2025-жылдын 1-августунан тартып 2025-жылдын 31-октябрына чейин 3төн кем эмес эл аралык акча которууларды жөнөткөн же алган бардык жеке жактар-резиденттер Акциянын Катышуучулары болуп саналат.
6.2. Акцияга Уюштуруучунун кызматкерлери, алар менен аффилирленген жактардын кызматкерлери, Акцияны даярдоого жана өткөрүүгө катышкан, Акцияны өткөрүүнү уюштурууга же жеңүүчүлөрдү аныктоо жол-жобосуна түздөн-түз катышкан уюмдардын кызматкерлери, ошондой эле бардык белгиленген адамдардын үй-бүлө мүчөлөрү катыша алышпайт. Ошондой эле юридикалык жактар дагы Акцияга катыша алышпайт.

**7. Акциянын шарттары**

7.1. Акция, Уюштуруучу жана толук катышуу эрежелери жөнүндө маалыматтын булагы www.kicb.net интернет-сайты (мындан ары – «Сайт») болуп саналат.
7.2. Акцияны өткөрүү мөөнөтү 2025-жылдын 01-августунан тартып 2025-жылдын 31-октябрына чейин.
7.3. Акцияга катышуу үчүн кардар Банктын бөлүмдөрүндө «Western Union», «Золотая Корона», «Astrasend», ошондой эле «Ria» акча которуулар системасы аркылуу эл аралык которууну жөнөтүшү же алышы керек же «KICB» мобилдик колдонмосунда – айына 3 (үч) жолудан кем эмес «Золотая Корона» аркылуу которууну жөнөтүшү же «Astrasend» аркылуу алышы керек.
7.4. Кардар тарабынан 1 (бир) календардык күн ичинде жүргүзүлгөн бардык чыккан которуулар Банк тарабынан бир которуу катары каралат. Мында бардык которуулардын суммасы кошулат жана жыйынтыктарды чыгарууда эсепке алынат.
7.5. Кардар тарабынан 1 (бир) календардык күн ичинде алынган бардык кирген которуулар Банк тарабынан бир которуу катары каралат. Мында бардык которуулардын суммасы кошулат жана жыйынтыктарды чыгарууда эсепке алынат.
7.6. Акция төмөнкү этаптардан турат:
7.6.1. 1-орто аралык этап: 2025-жылдын 01-августунан 31-августуна чейин кошо алганда;
7.6.2. 2-орто аралык этап: 2025-жылдын 01-сентябрынан 30-сентябрына чейин кошо алганда;
7.6.3. Негизги этап: 2025-жылдын 1-августунан 2025-жылдын 31-октябрына чейин кошо алганда.

**8. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби**

8.1. Орто аралык жана негизги этаптардын жыйынтыктары КР аймактарында жана Бишкек шаарында өзүнчө чыгарылат.

8.2. Орто аралык жана негизги этаптар аяктагандан кийин Уюштуруучу Акциянын Катышуучулары тарабынан акча которуу системалары аркылуу жүргүзүлгөн эл аралык которуулар боюнча маалыматтар камтылган тизмелерди түзөт.
8.3. Акциянын орто аралык жана негизги этаптарынын жыйынтыктарын чыгаруу август, сентябрь жана октябрь отчеттук айларынан кийинки айдын 10унан (онунан) кеч эмес ишке ашырылат.
8.4. Жеңүүчүлөр төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча аныкталат:

1. алынган / жөнөтүлгөн которуулардын эң көп саны;
2. которуулардын эң чоң жалпы суммасы.

8.5. Бир катышуучу Акциянын бүтүндөй мезгилинде бирден ашык эмес Байге ала алат. Орто аралык этапта байге алган Катышуучу Акциянын финалына автоматтык түрдө катышпайт жана башкы байгеге талапкер болбойт.
8.6. Орто аралык этаптын жеңүүчүсү деп табылган Катышуучу (3 орундун бирин ээлеген) жазуу жүзүндө байгеден баш тартууга жана Акциянын аягында башкы байгеге талапкер болуу мүмкүнчүлүгүн сактап калууга укуктуу.
8.7. Саны жана суммасы боюнча көрсөткүчтөр бирдей болгондо, жыйынтыкка биринчи болуп жетишкен кардарга артыкчылык берилет.
8.8. Байгелер акчалай эквивалентке алмаштырылбайт, бирок ишеним кат боюнча башка адамга берилиши мүмкүн.
8.9. Акцияны өткөрүү процессинде жыйынтыктар жарыялангандан кийин Уюштуруучу тарабынан аныкталган, Катышуучулар тарабынан жол берилген Акцияга катышуу тартиби жана Эрежелери бузулган учурлардан тышкары, Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары акыркы болуп саналат жана кайра каралбайт.

## 9. Жеңүүчүлөрдүн Байгелерди алуу тартиби

9.1. Уюштуруучу орто аралык жана негизги этаптардын Жеңүүчүлөрүнө Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыгын алган учурдан тартып 5 жумуш күндүн ичинде телефон же башка байланыш маалыматтары аркылуу маалымдайт.
9.2. Эгерде Акцияны өткөрүү мөөнөтүнүн ичинде байланыш маалыматын бербегендиктен же башка себептерден улам Акциянын Жеңүүчүсү менен байланышуу мүмкүн болбосо, байге алуу укугун Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу алат.
9.3. Байгелерди берүү Акциянын Жеңүүчүлөрү аныкталгандан кийин Уюштуруучунун Кеңсесинин аймагында өткөрүлөт. Уюштуруучу Жеңүүчүгө телефон аркылуу байгени тапшыруунун так дарегин жана күнүн маалымдайт.
9.4. Жеңүүчү Байге алган жерге чейин баруу жана кайра артка кайтуу жол акысын төлөө боюнча, ошондой эле Байгени жашаган жерине жеткирүү боюнча бардык чыгымдарды толук өзүнө алат. Бул чыгымдар эч кандай шартта Уюштуруучуга жүктөлбөйт.
9.5. Байгелер Акциянын жыйынтыгын алган учурдан тартып 30 күндөн кеч эмес тапшырылат.
9.6. Жеңүүчү Байгени тапшыруу учурунда Уюштуруучу тарабынан берилүүчү, аны алгандыгын ырастоочу документти (байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы) толтурууга жана кол коюуга тийиш. Жеңүүчүнүн Байгени алгандыгын тастыктаган документти толтуруудан баш тартуусу, ага тете толук эмес/анык эмес маалыматты көрсөтүүсү жана/же аталган документти толтуруу үчүн зарыл болгон бардык маалымат берилбеген же өз убагында берилбеген учурда бул Жеңүүчүнүн Байгеден баш тарткандыгын билдирет.
9.7. Байгени алуу жөнүндө актыга кол коюлгандан кийин Уюштуруучу Байгени Жеңүүчүгө өзү берет.
9.8. Байгени алууда Байгени утуп алды деп таанылган Катышуучу Уюштуруучунун суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүгүн тастыктаган документин көрсөтүшү керек.

## 10. Акциянын катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

10.1. Акциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген укуктарга ээ болушат жана милдеттерди аткарышат.
10.2. Акциянын Катышуучусу Акциянын шарттарына ылайык Акция жөнүндө маалымат алууга укуктуу.
10.3. Акциянын ар бир Катышуучусу Акцияга катышуудан баш тартууга же өзүн токтотууга укуктуу.
10.4. Акцияга катышуу менен Акциянын Катышуучулары ушул Акциянын максаттары үчүн маалыматтарды чогултууга, сактоого, колдонууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдугун билдиришет.
10.5. Акцияга катышуу фактысы анын бардык катышуучулары ушул Эрежелерге макул экендигин, ошондой эле алардын аты, фамилиясы жана сүрөтү Уюштуруучу тарабынан жарнамалык максаттарда колдонулушу мүмкүн экендигин билдирет.
10.6. Байгени алуу үчүн Акциянын Катышуучусу Акцияны өткөрүү мөөнөтүндө ушул Эрежелерге ылайык андан талап кылынган бардык аракеттерди аткарууга милдеттүү. Акцияны өткөрүү шартын (шарттарын) сактабоо Катышуучунун Акцияга катышуудан баш тартуусун жана Байгеден баш тартуусун билдирет.
10.8. Уюштуруучу Акцияны өткөрүүгө, анын ичинде Байгелерди өткөрүп берүүгө же берүүгө жана Акциянын катышуучуларына карата башка зарыл иш-аракеттерди жасоого милдеттүү.
10.9. Уюштуруучу талап кылынбаган Байгелерди өз каалоосу боюнча пайдаланууга укуктуу.
10.11. Байгелердин сапатына карата Уюштуруучунун милдеттенмелери түздөн-түз кызмат көрсөтүүчү жактар тарабынан берилген кепилдиктер менен чектелет. Акциянын Байгелеринин сапатына карата Жеңүүчүлөрдүн дооматтары түздөн-түз тийиштүү кызматтарды көрсөткөн жактарга берилүүгө тийиш.
10.12. Уюштуруучу Акциянын Катышуучусунун жаңылыш деп таанылган аракеттеринин/аракетсиздигинин, анын ичинде ал тарткан чыгымдарды кошо алганда, кандайдыр бир кесепеттери үчүн жооп бербейт.
10.13. Эгерде Уюштуруучуда Акциянын жүрүшүндө Катышуучу (же анын ордуна аракеттенген башка жак) техникалык, программалык же башка каражаттар аркылуу добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасир этүүгө аракет кылууда деген күмөн саноолор пайда болсо, Уюштуруучу Катышуучуну каалаган учурда Акцияга катышуудан четтетүүгө укуктуу.
10.14. Эгерде Катышуучу өзү жөнүндө туура эмес маалымат берсе, аны өз убагында бербесе же Акциянын эрежелерин башка жол менен бузса, Уюштуруучу Катышуучуга Байгени берүүдөн баш тартууга укуктуу.
10.15. Уюштуруучу каалаган убакта Акциянын мөөнөттөрүн, байге фондун жана өткөрүү шарттарын толуктоого жана/же өзгөртүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында тыюу салынбаган ыкма менен бул жөнүндө өз каалоосу боюнча кабарлоо менен Акцияны толук же бир бөлүгүн өткөрүүнү токтотууга, токтото турууга, жокко чыгарууга укуктуу. Бардык өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат 10 календардык күн ичинде www.kicb.net веб-сайтына жайгаштырылат.
10.16. Ушул Эрежелерди жана/же ушул Эрежелер менен жөнгө салынбаган маселелерди бир маанилүү эмес чечмелөөгө жол берген кырдаалдар келип чыккан учурда, мындай чечмелөө жана/же түшүндүрмө жөнүндө акыркы чечим түздөн-түз Акцияны Уюштуруучусу тарабынан гана кабыл алынат.